руу жана колдонуу тартиби жергиликтүү калктын көчмөн жана отурукташкан чарбачылыктарынын муктаждыктарын, жалпы эле жашоо-тиричилигин камсыздап келген. Сугат системасына кирген авиз, мурап, агат, огарык, алыш жана бакан сыяктуу терминдер көчмөн элдин дыйканчылыктагы тажрыйбасын, этномаданий байланыштарды чагылдырат. Ошондой эле, жер-суута, дыйканчылыкка байланыштуу эски ырым-жырымдарынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келиши, анын коомдук жана маданий турмуштагы ордунун маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1999. 32-бет.
2. Ахмадалиев Ю.И., Джурабаева Х.Ш. Значение народного гидрологического календаря в рациональном использовании использовании водных ресурсов в Ферганской долине. / Central Asian journal of the geographical researches. №3-4, 2022. 25-26-бб
3. Батраков В.Е. Характерные черты сельского хозяйства Ферганской долины в период Кокандского ханства. Труды САГУ им. В.И. Ленина. Новая серия. Вып. 62. Кн. 8. 1955. с. 176./ Абдуллаев М.Г. Из истории ирригационного строительства в Кокандском ханстве. Вестник Ошского государственного университета. История. №1(4)/2024, 1-7
4. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедия. – Бишкек, 2003. 70-бет.
5. Кыргыз улуттук энциклопедиясы/ https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0
6. Самаков А. Суунун дагы сурагы бар. Айгине маданий-изилдөө борбору. – Бишкек, 2017. 23-24-бб
7. Хурибаева Э. Г. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы (пахтачылык өнөрүнө байланыштуу сөздөр). – Бишкек, 2016.
8. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. Советская энциклопедия.: Москва, 1965.
9. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%91%D0%B0%D
10. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%9C%D1%83%D0%BD


**Автордун талаа материалдары (АТМ):**


1. Информатор. Карабаев Жумабек. 67 жашта. Базар-Коргон району, Бешик-Жон айылы. 2025.
2. Информатор. Салибаев Айбек. 53 жашта. Базар-Коргон району, Бешик-Жон айылы, 2025.
3. Информатор. Салибаева Тажикан. 76 жашта. Базар-Коргон району, Бешик-Жой айылы, 2025.
4. Информатор. Тухтахунов Сатыбай. Базар-Коргон району Карача айылы. 76 жашта, 2024.


УДК: 39. 394


**Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
т.и.д., профессор Кыргыз-Түрк «Манас» университети;
**Г. Аскарбек Амасья**
PhD, Кыргыз-Түрк «Манас» университети


## В. НАЛИВКИН, Г. ЗАГРЯЖСКИЙДИН ЭМГЕКТЕРИНДЕГИ ЭТНОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР (XIX К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ XX К. БАШЫ)


**Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
д.и.н., профессор Кыргызско-Турецкого университета «Манас»;
**Г. Аскарбек Амасья** PhD, Кыргызско-Турецкий университет «Манас»


## ЭТНОГРАФИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЯ В ТРУДАХ В. НАЛИВКИНА И Г. ЗАГРЯЖСКОГО (ВТОРАЯ ПОЛОВИНА XIX - НАЧАЛО XX ВВ.)


**Alymbayev, Zheenbek Bayyskulovich**
Doctor of Historical Sciences, Professor at the Kyrgyz-Turkish Manas University
**G. Askarbek Amasya,** PhD, Kyrgyz-Turkish Manas University

# ETHNOGRAPHIC RESEARCH IN THE WORKS OF V. NALIVKIN AND G. ZAGRYAZHSKY (SECOND HALF OF THE 19TH - EARLY 20TH CENTURIES)

**Аннотация.** Макалада XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы кыргызтаануу багытына салым кошкон чыгыштаануучу, этнограф изилдөөчүлөр В.Наливкин, Г.Загряжскийдин кыргыздардын салтуу турмушун чагылдырган этнографиялык эмгектерине анализ жасоого аракет жасалган. Макалада белгиленгендей, В.Наливкин өзүнүн эмгектеринде Наманган уездиндеги кыргыздардын жер иштетүүчүлүк ыкмаларын: оруу, жыйноо, себүү ж.б; малчылык турмуштагы: малды кыркуу, тери иштетүү, жутчулук сыяктуу салттуу көчмөн-малчылык, көчмөн-отурукташкан чарбаны чагылдырган. Ал эми Г.Загряжский болсо Чуй аймагындагы кыргыздардын салтуу коомдук түзүлүшүн, кыргыз үй-бүлөсүнүн күнүмдүк турмушу, ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн аткарган кызматы; кыргыздардын малды багуу тажрыйбасы, аркан жасоо ж.б. салттуу көчмөн турмуштагы кайталануучу процесстерге анализ жүргүзгөн. Макалада белгилегендей В.Наливкин, Г.Загряжскийдин эмгек теринин өзгөчөлүктөрү, авторлордун изилдөөлөрү өздөрү түздөн-түз катышкан талаа материалдарынын натыйжасында жыйналгандыктан этнографиялык баалуу тарыхый булактык мүнөзгө ээ экендиги белгиленет.

**Негизги сөздөр**: В.Наливкин, Г.Загряжский, кыргыздар, чарба, малчылык, саан, оруп жыйноо, малды асыроо, урук-уруулук, себүү.

**Аннотация.** В данной статье предпринята попытка анализа этнографических исследований востоковедов и этнографов В. Наливкина и Г. Загряжского, внесших значительный вклад в развитие кыргызоведения во второй половине XIX — начале XX века. В. Наливкин в своих трудах подробно описал традиционные методы земледелия кыргызов Наманганского уезда, включая жатву, сбор урожая, сев и другие аграрные практики. Кроме того, он исследовал аспекты традиционного кочевого скотоводства, такие как стрижка скота, обработка шкур, а также явление джута и особенности перехода от кочевого к оседлому хозяйству.

Г. Загряжский, в свою очередь, провёл анализ общественного устройства кыргызов Чуйской области, их семейного уклада, распределения обязанностей между членами семьи, а также традиционных практик ведения скотоводства, изготовления арканов и других повторяющихся процессов в кочевой жизни. Как отмечается в статье, исследования В. Наливкина и Г. Загряжского основаны на собранных ими полевых материалах, что придаёт их работам высокую этнографическую и историческую ценность как источникам.

**Ключевые слова:** В. Наливкин, Г. Загряжский, кыргызы, хозяйство, скотоводство, доение, жатва, содержание скота, родоплеменные структуры, сев.

**Abstract.** This article attempts to analyze the ethnographic studies of Orientalists and ethnographers V. Nalivkin and G. Zagryazhsky, who made significant contributions to Kyrgyz studies in the second half of the 19th and early 20th centuries. In his works, V. Nalivkin provided a detailed description of the traditional agricultural methods of the Kyrgyz in the Namangan Uyezd, including harvesting, crop gathering, sowing, and other agrarian practices. Additionally, he examined aspects of traditional nomadic pastoralism, such as livestock shearing, hide processing, the phenomenon of **dzut** (livestock mortality due to harsh winters), and the transition from nomadic to semi-settled economies.

G. Zagryazhsky, in turn, analyzed the social structure of the Kyrgyz in the Chüy region, their family organization, the division of labor within households, as well as traditional livestock management practices, rope-making, and other recurring processes in nomadic life. As highlighted in the article, the research of V. Nalivkin and G. Zagryazhsky was based on firsthand fieldwork materials, which imbues their studies with significant ethnographic and historical value as primary sources.

**Keywords:** V. Nalivkin, G. Zagryazhsky, Kyrgyz, economy, pastoralism, milking, harvesting, livestock husbandry, tribal structures, sowing.

XIX к. экинчи жарымы XX к. башында Россия тарыхнаамасынын өкүлдөрү болушкан: орус саякатчылары, чыгыштаануучулар, аскер-чыгыштаанучулар тарабынан этнографиялык багыттагы материалдар топтолуп, өз мезгилинде жарык

көргөндүгү белгилүү. Алардын катарына кыргыздардын салттуу коомунун чарбалык, уруулук мамилелерин, үрп-адаттарын сүрөттөгөн, кыргыз таануу тармагына салым кошкон авторлор катарына В.Наливкин, Г.Загряжскийдин эмгектерин кошууга болот [1]. Аталган эки автор тең Түркстан генерал-губернаторлугунда кызмат өтөп, кызматтык функциясын аткарууда, эл арасында болуп, кыргыздардын көчмөн турмушу менен жакындан аралашып, кызыктуу этнографиялык материалдарды топтоп, жарыялашкан.

Г. Загряжский Туркстандагы элдик башкаруу системасында кызмат аткарып, учурунда Пржевальск, Токмок акырында Перовский уездеринде уезддик начальник катары кызматын аткарган. Кызматтык функцияны аткаруу мезгилинде эл арасында болуп,кыргыздардынсалттуутурмушуменен түздөн түз таанышып, көпчүлүк окуяларга өзү күбө болуп, тийиштүү этнографиялык материалдарды чогултууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Г. Загряжскийдин кыргыздардын чарбалык турмушун чагылдырган этнографиялык изилдөөлөрүнүн катарына “Быт кочевого населения долин Чу и Сыр-Дарьи” – аттуу макаласын атоого болот. Макалада негизинен азыркы Чүй өрөөнүндө жашаган кыргыздардын мал чарбачылык турмушу сүрөттөлөт. Г.Загряжскийдин аталган макаласында кыргыздардын малга карата болгон мамилесине токтолуп, кыргыздарды малды өтө баалап, сыйлаган эл катары сүрөттөйт. Чүйлүк солто уруусунун мисалында кыргыздардын малга болгон мамилесине токтолгон автор: «жаш курагына карабай баары малды асыроо менен алектенишет. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин өзүнө бөлүнгөн кызматы бар. Маселен, улгайган адамдар малды айдашат (жайытка), кыгын тазалашат. Жаштары болсо, жылкыны, койду, төөлөрдү саашса, аялдары болсо, уйларды саашып, музоолорун карашып, сүт азыктарынан азык-түлүк жасоо менен алек болушат» – деп жазат [2].

Автор андан ары, көчмөн кыргыздардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн хронологиялык ирээтте бир күндүк аткарган иштерине токтолуп кеткен. Автор белгилегендей, эртең мененки тамактан кийин үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүнө тийешелүү жумушту аткарууга кирише башташат. Алсак, «аялдар малды саап, сүт азыктарынан айран, кымыз жасоого киришет. Эркектер болсо, устачылык менен алектене баштайт, колунан эч нерсе келбегендер мал кароого, аңчылыкка жөнөшөт. Жаш кыздар болсо, өзүнүн себин даярдоо үчүн саймачылык ишин баштайт. Эс алууга убакыт жок. Мал кечинде короого келген мезгилде гана айыл кайрадан кыймылга келет» – деп эскерет [3]. Демек, көчмөн турмуш ар бир үй-бүлө мүчөсүн эмгектенүүгө мажбурлаган. Уста, саяпкер, саймачы, кол өнөрчү, мергенчи ж.б. көчмөндүүлүк шарттынан улам жаралган кесиптер экендигин атай кетсек болот.

Г. Загряжскийдин макаласындагы көтөргөн орчундуу маселенин бири-бул кыргыздардын малды асыроо, малдан сүт азыктарын өндүрүү тажрыйбасы. Автор кыргыздардын уйдун, жылкынын сүтүн сабоо техникасына жана жаш торпокту, кулунду эмизүү ыкмасына токтолуп: «кыргыздар уй сүт бербей коет деп эч убакта, жаш торпокту сойгон эмес» деп жазат. Ал эми кыш мезгилинде туулган козуну, жаш торпокту, кулунду кыргыздар суукта сакташ үчүн кыргыз үйдүн ичинде кармашкандыгы белгилейт [4]. Кыргыздар жаңы тууган уйду алгачкы 2 айда бир күндө 3 ирет, андан кийин 2 маал ган саашкан. Саан мезгили 4-5 айга созулган [5]. Демек малдан сут өндүрүү тажрыйбасына чоң маани берип, тоюттуу жайыттарга көчүп-конуу тажрыйбасы колдонулуп келген.

Автор кой көчмөндөр үчүн өтө кымбат жандык гана эмес, товар катары кызмат аткарып келгендигин баса көрсөтөт. Ошондуктан материалдык байлыктын бир булагы катары койду көбөйтүү маанилүү болгон. Башка тарыхый булактарда тастыктап тургандай койду сатуу аркылуу өздөрүнүн социалдык муктаждыгын канааттандыруу орустардын келиши менен күчөгөн. Маселен, 1870-жылы Ысык-Көл уездиндеги кыргыздар тарабынан орустардын келиши менен кыргыздар тарабынан 541111 баш кой жана 70 баш жылкы сатылса, 1912-жылы соода мамилелеринин жанданышы менен 835215 баш кой, 30120 баш жылкы, 11680 баш ири мүйүздүү мал жана 509 баш төө сатылган [6].

Г. Загряжский туура белгилегендей

малдын шартына жараша кыргыздар көчүп-конууга ыңгайлашкан. Автор, аталган макаласында кыштоо анын шарты, кыштоонун мезгили, жайыт, анын чөбү жана жут маселесине байланышкан көчмөн чарбалык турмуштун образына тереңирээк талдоо жүргүзгөн. Алсак, Г. Загряжский кыргыздар төрт түлүк малын (кой, эчки, жылкы, төө) жайууда алар азыктана турган чөптөр өскөн жайыттарды тандоого чоң маани бергендигин баса белгилеген. Маселен койду кызгалдак, темирткен, кара-бурхан, жулкөк, жалман, кумарчан ж.б. көптөгөн чөптүн түрлөрү өскөн жерде кайтарышкандыгын белгилейт [7]. Макалада келтирген тоо чөптөрүнүн аталыштары орус тилинде жазууда автор тарабынан бир катар грамматикалык каталар кеткендигин белгилеп кетүү керек.

Г. Загряжскийдин аталган макаласында кыргыздардын чарбалык турмушуна байланышкан дагы бир орчундуу маселе, бул-малдын жүнүн, терисин иштетүү салтынын өздөштүрүлгөндүгү. «Малдын териси, жүнү-деп жазат автор,- кыргыздардын көчмөн турмушунда кийим үчүн алмаштыруу предмети катары маанилүү ролду ойнойт» [8]. Койдун жүнүн эчкинин жана жылкынын жүндөрү менен аралаштырып, аркан жасалат. Алар кадимки көчмөн турмушта жана жүк артуу учурунда колдонушарын белгилейт. Кыргыздардын аркан жасоо өнөрчүлүгүнө кызыккан автор, «таза жылкынын жүнүнөн келиндин себин жүктөп узатууда ала-була аркан жасалып колдонулат» - деп белдирет [9]. Чындыгында жылкынын жүнүнөн жасалган аркандар бышык келип, өзгөчө ал аркандар бааланган. Биздин пикирибизче ак, ала-була аркандарды бай адамдар колдонушкан. Демек, Г. Заграяжскийдин макаласын кыргыздардын мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы боюнча терең талдоо жүргүзгөн этнографиялык мүнөздөгү эмгектердин бири катары кароого болот.

Г.Загряжскийдин кыргыздардын салттуу турмушун чагылдырган көлөмдүү макаласы «Кара-кыргызы» деп аталып, кыргыздардын урук-уруулук турмушу, туугандык-уруулук аң-сезими күчтүү экендигин белгилеп, ал көрүнүш мүлктүк абалга гана эмес, үй-бүлө курууга да таасир берүүчү көрүнүш катары баалайт [10]. Урук-уруулук байланыштын көчмөн шарттагы ролу чоң экендигин көрсөткөн автор, «суук, ачарчылык, жут мезгилинде гана эмес, кун төлөө шартында» да урук-уруунун өз ара жардамы чоң экендигин баса белгилеп кеткен [11]. Демек, кыргыздардын салтуу көчмөн турмушундагы уруулук түзүлүштүн саясий-экономикалык, маданий, социалдык чөйрөдөгү ролу (айрым жагдайларын эске албаганда) өз доорунда, прогрессивдүү көрүнүш катары баалоого болот. Ал эми Г.Загряжский Россия империясынын саясаты уруулук байланышты токтотуп, уруу башчыларынын ролун төмөндөтүү аркетин жүргүзүү максатында, «уруулук түзүлүштү бөлүп-жарып, аларды айылдарга, болуштуктарга бөлүү аркетин жасады, «бирок бул толук натыйжасын бербеди, тескерисинче ондук-ондук болуп кандаш уруулар, элүүлүк болуп чоң уруулар биригише баштады» деп жазат [12]. Аталган макаласында автор уруулук-туугандык байланыштардын бекем сакталып калгандыгынын мисалы катары, болуштук шайлоо учурундагы уруулук фактордун ролу аркылуу далилдөөгө аракет жасаган.

XIX к. экинчи жарымындагы Наманган уездинин аймагында жашаган кыргыздардын экономикалык турмушун чагылдырган авторлордун бири В. Наливкин, анын калемине намангандык кыргыздардын чарбасын, экономикасын сүрөттөгөн кызыктуу изилдөөлөрү таандык. Белгилей кетчү нерсе, Россия империясынын административдик-территориялык жактан бөлүштүрүү боюнча XIX к. экинчи жарымында Наманган уездинин аймагында көпчүлүк калкын кыргыздар түзүшкөн. Азыркы Чаткал, Ала-Бука, Аксы райондору Наманган уездинин болуштуктарын түзгөн. Ушул учурда деле Наманган областына караштуу Үйчү, Сарай, Жаңы-Коргон ж.б. кыштактарда өзбекстандык кыргыздар жашайт.

В. Наливкиндин изилдөөлөрүндөгү өзгөчөлүктөр автордун жергиликтүү элдин тилин, алардын каада-салттарын мыкты өздөштүргөндүгүндө. В.Наливкин аялы М.В.Наливкина менен бирдикте 1877-жылы Наманган уездине карашуу Радван атуу кыпчактар жашаган кыштакта турушуп, көп өтпөй эс алууга чыккан В.Наливкин аялы Мария Владимировна экөө Наманган

уездине караштуу, тоо этегиндеги Наанай кыштагынан жер сатып алып көчүп келишкен. В.Наливкиндин чыгармачылыгын эскерген Ю. Якубовский минтип жазат: «Наанай кыштагында аялы Мария Владимиовна экөөнүн эң жемиштүү чыгармачылык иштери башталган. Жергиликтүү элдин динин, тилин, дыйканчылыгын, турмушун, үрп-адатын китептеги маалыматтардан эмес, түздөн түз аралыш көрүүгө мүмкүнчүлүк алышкан» Алар чакан кыштактын турмушуна «жуурулушкан» [13]. Аялы экөө жергиликтүү өзбектердин халатын кийишип, паранчи жамынышып, кыштактын жашоочулары менен аралашып, 6 жыл жашашкан. Кышкысын Наанадай өзбектердин арасында, жайкысын тоодо кыргыздардын арасында көчүп жүрүшкөн. Алардын балдары 7-8 жашка чейин орус тилин билбей чоңоюшкан» [13]. Наанайдагы жашоо экөөнүн чыгармачылыгана ийгилик алып келген. Алты жыл арасында өзбек, таджик, кыргыз тилдерин өздөштүрүп, алардын салтына жакындан күбө болушуп, натыйжада «Очерки туземной женщины в Фергане», «Русско-сартовский и сартовско-русский словарь» ж.б. эмгектерди жазууга жетишкен [13].

В. Наливкин эмгектеринде Наманган уездинде жашаган жарым-көчмөн саруу жана багыш урууларынын экономикалык абалына анализ жүргүзгөн. Эки уруунун чарбалык турмушуна кайрылган автор, кыргыздардын бул эки уруусун көчмөндөр деп айтууга болбойт. Мурунку бир мезгилдерде, экономикалык шарттарга ылайык, алар жалаң мал багышып, көчмөн турмушта болушкан. Бирок, деп белгилейт автор, бара-бара алар үчүн дыйканчылык да пайдалуу боло баштаган. Кыргыздардын баарысынын эле жер тилкеси болбогондуктан айрымдары акчага иштешкен, айрымдары жерин рентага де беришкен [14]. Демек, автор туура белгилегендей экономикалык муктаждыктан улам кыргыздар дыйканчылык кылууга өтүшкөн.

В.Наливкиндин «Киргизы Наманганского уезда» аттуу макаласында жарым көчмөн кыргыздардын кыштоого, жайлоого көчүү процесси, малды кыркуу, жут сыяктуу бир жылда кайталынап туруучу чарбалык процесске кеңири талдоо жасаган. Автор белгилегендей Намангандык кыргыздарды койдун этине болгон талап канааттандырбайт. Ошондуктан соодагерлер Алматы, Токмок шаарларынан кой алып сатышат – деп белгилейт [14].

В.Наливкиндин экинчи макаласы «Очерки земледелия в Наманганском уезде» деп аталып, ал өзү XIX к. 70-80-жылдары Наманган уездинде жашаган мезгилде жазган макала. Автордун аталган эмгеги үч бөлүктөн туруп, анда уезддин географиялык шарты, дыйканчылыктын негизги түрлөрү, аны өстүрүп, жыйноодогу колдонулган ыкмалар, эгин суугаруу жолдору сыяктуу дыйканчылык турмушка байланышкан кыргыздардын иш аракеттерине терең анализ жүргүзгөн. Наманган уездинин географиялык шартына токтолгон автор, дыйканчылык кылуунун негизги булагы бул-суу экендигин баса белгилейт. Автор белгилегендей уездин аймагында эгин өстүрүү үчүн эки чоң дарыянын Падыша-Ата, Кашка-Суу жана 65 жыл мурун Нарын дарыясынан бөлүнгөн Янги-Коргон агын суусу бар. Бул эки дарыянын суусу-бүтүндөй уезди суу менен камсыздандырып турган [15].

Автор көрсөткөндөй, эгин аянттар базардын жанында жайгашкан, тосмосу жок, айланасына бак-дарактар отургузулган. Суулуу жерлерде жергиликтүү калк негизинен-буудай, арпа, беде өстүрүшкөн. «Мөмө-жемиштер өсүүчү жерлер тосулган, аларды бай, орто бай, адамдар өстүрүшкөн, багында жүзүм, анар, инжир, коон, ашкабактарды өстүрүшкөн» – деп жазат [15]. Белгилей кетчү нерсе, уезде отурукташкан жана көчмөн калк жашаган. Уездин түздүктүү жерлеринде отурукташкан калктын өкүлдөрү болушкан өзбектер, курамалар орун алса, тоо этектерине жакын жерлерде кыргыздар турушкан. Демек отурукташкан жана жарым көчмөн калктын чарбалык жактан бири-бирине тийгизген таасири, өз ара жакындашуусу чоң экендигин В. Наливкиндин аталган очеркинен көрүүгө болот.

Очеркте азыркы Аксы районуна караштуу Падыша-Ата, Кара-Башат, Кашка-Суу, Кербен аймагында жашаган кыргыздардын дыйканчылык кесибине токтолгон. Падыша-Атанын Жайык жайлоосундагы

кыргыздардын көчмөн турмушун сүрөттөй келип, Наанай менен Кербендин аралыганда дыйканчылык кылып жаткан кыргыздын турмушун мындайча сүрөттөйт: «Жүндүү шым, учтугуй калпак жана жүндөн жасалган жашыл түстөгү чапан кийгендер жүгөрү чаап жатышат. Наанай менен Унгар-тоонун этегиндеги Кербенде буудай, таруу өсөт. Шүдүгөр кылып айдаган талаалар жатат. Унгар-Тоого көтөрүлүүчү таштуу-тоо кыркасы болбогондо бул аймакты орус кыштагындай элестетүүгө болот эле» [15]. Автор азыркы Аксы районун борбору Кербен шаарчасынын айланасындагы эгин таалары жөнүндө эскерип жатат.

В.Наливкиндин аталган очеркиндеги кеңири сүрөттөлгөн маселе-бул уезддеги дыйканчылык кесибинин түрлөрү, аны өстүрүү, оруп жыйуу процессинде колдонулган ыкмалар. Автор ар бир эгинди өстүрүү, тамак-аш катары колдонуу жолуна токтолуп өткөн. В. Наливкин белгилегендей: «Намангандык кыргыздар жаздык күздүк буудай эгишет. Жаздык буудайды эки жолу айдашат. Жазында күздүк буудай үч төрт карыш көтөрүлгөндө жаңы көтөрүлгөн күздүк буудайды сугарышат. Буудай жаңы гана баш алганда кайрадан суу беришет. Бышар алдында үчүнчү жолу сугарышат» [15]. Автор туура белгилегендей үч жолу сугаруу климаттык шартка жараша болгон. Наманган уездинин түндүк тарабына карганда түштүк тарабы ысыгыраак болот. Демек, климаттык шартка жараша буудайды үч жолу сугаруу зарыл көрүнүш болгон. Буудайдын бышып жетилиши да климаттык шартка жараша болгон.

В.Наливкин аталган очеркинде эгин жыйноодогу «орокчу» жана «машакчынын» ролуна токтолуп өтөт. Эгинди орокчуга ордуруу салтка айланып калган көрүнүштөрдүн бири катары белгилеп, орокчунун милдети төмөнкүдөй болгон: а) Орок орулуп бүткөн соң ал эки үч боо буудай алууга милдеттүү; б) Эгин орулуп, басылып бүткөн соң, орулган талаага эгилген дандын жарымын алууга милдеттүү болгон – деп эскерет [15]. Буудайды оруп-жыйноо иши орокчунун эмгеги менен эле бүтпөсүн белгилеген автор, орокчу менен кошо эгин талаада *машакчы* да эмгектенет. Машакчы бул-эгин талаадагы дан жыйнаган адам. Буудайды ун кылып колдонуу процессине көңүл бурган автор «жергиликтүү эл эгин бастырууда «валь жана пайхань» куралдарын колдонушарын жазат. *Валь*–бул оор кургак жыгачтан үч бурчтук кылып жасалып, атка тагылуучу шайман. *Пайхань* болсо катарлаш алты-сегиз өгүзгө узун аркан аркылуу байланып, анын радиусу менен кырманда айланткан шайман. Пайханды атка колдонбойт. Аны өгүздөргө гана чегишип, алардын тумшугун дан жебес үчүн байлап коюшкан.

Буудайды унга айландыруу процессинин кийинки этабы В. Наливкин белгилегендей–бул майдалаган буудайды *сапыруу.* Сапыруу-тазалоо бешиликтин жардамы менен жүргүзүлөт. Сапырып-тазалоо жолу менен данды, самандан бөлүп салышкан . Ал эми майдаланган данды паралананын жардамы менен тазалап алышкан. «*Паралана*»- автор белгилегендей зым решеткалуу данды өткөрүүгө ылайыкталган шайман [15]. Буудайды өндүрүүгө кеңири токтолгон автор, Наманган уездинде буудайдын бир канча сорту бар экендигин бышыктаган. «Уезде буудайдын онго жакын сорту бар, алардын ичинен жергиликтүү эл күздүк жана жаздык буудайдын эки түрүн: ак буудай жана кызыл буудайды өстүрүшөт. Автордун пикири боюнча ак күздүк буудайдын мотчак, каракылтырак, төө тиши» – деген сорттору болот-деп жазат [15]. В. Наливкин белгилегендей буудайды уездин бардык аймактарында өстүрүшкөн. Буудайдан тышкары уездин аймагында-арпа, күрүч, жүгөрү, пахта, зыгыр, таруу, беде, коон өстүрүшкон. Жергиликтүү элдин дыйканчылык кесибине байкоо жүргүзгөн автор аталган дан эгиндерин себүү, сугаруу, жыйноо техникасына кеңири токтолуп өткөн. Алсак күрүч, пахта, зыгыр, коон уездин түштүк тарабындагы Алихан, Янгы-Арык бөлүктөрүндө өстүрүлгөн. Атап айтсак,, бул аймак-азыркы Аксы районунун Кош-Дөбө, Торук айыл өкмөттөрү менен чектеш келген айылдар.

Арпа, жүгөрү, беде, уезддин түндүк тарабында өстүрүлгөн. В.Наливкин белгилегендей түндүк аймактарында кыргыздар көбүрөөк жашашкан. Очеркте белгиленгендей жүгөрү жана мака (кукуруза) эки башка дан берүүчү өсүмдүк. Жүгөрүнү себүү, оруп жыйноо техникасына кайрылып:

«жүгөрү себүү үчүн талаа эки жолу айдалып, малаланат. Күндүн ысыгына карата кээде сентябрь-октябрда орулса, айрым учурда ноябрда орушат» – деп жазат [15]. В.Наливкин жазган Намангандык кыргыздардын жер иштетүүчүлүк ыкмасына П.Аверьяндын макаласы да үндөш. П.Аверьян аттуу автор Наманган уездин Наанай, Багыш болуштуктарында жашаган кыргыздардын дыйканчылыгына кыскача талдоо жүргүзгөн [16]. Чакан макалада Наманган уездинин климаттык шартына токтолуп, Падыша-Ата, Бозбу тоолорунун мисалында аймактын түндүк жагы тоолуу, арча-кайыңдуу келип мал чарбачылык үчүн ыңгайлашкан аймак экендигин белгилейт. Ошону менен катар бул аймакта жашаган кыргыздар дыйканчылык иштерин жакшы өздөштүргөнүн баса көрсөтөт. “Бул аймакта климатка байланыштуу ... күздүк буудай, таруу, жүгөрү, зыгыр, жаздык буудай эгишет – деп белгилеп, жергиликтүү кыргыздар жерди которуп айдоо ыкмасы мыкты колдонушаарын кабарлайт [16]. “Жер 3-4 тилкеге бөлүнөт, 1 жыл кара шүдүгөр кылып айдалса, 2жыл күздүк буудай, таруу, арпа, эксе, 3 жылы кайрадан таруу, жүгөрү, зыгыр, 4 жылы жүгөрү, буудай, таруу эгишет” – деп эскерген [16]. Демек, кыргыздар эгинди 3-4 тилке кылып которуп себүү ыкмасын колдонуп келишкендигин макаладан байкоого болот.

Жыйынтыктап айтканда биринчиден, В.Наливкиндин очеркинде Наманган уездинде жашаган көчмөн, жарым көчмөн, кыргыздар отурукташкан өзбек эли менен коңшулаш жашап гана келбестен, мал чарбасы, дыйканчылык кесиптери тыгыз байланышта болгондугун далилдейт. Экинчиден, кыргыздарды көчмөн турмуш менен гана кесиптенишкен калк катары кароого болбостугун географиялык шартка байланыштуу көчүп- кыштап дыйканчылык кесипти да өздөштүргөнүн белгилеген. Биздин пикирибизче В.Наливкин белгилеген кыргыздардын чарбалык турмушундагы өзгөрүү XIXк. аягында жүрө баштагандыгын айрым тарыхый булактар тастыктап турат. Алсак, 1912-жылы Статистикалык комитет тарабынан Наманган уездине караштуу кыргыздар жашаган : Арым, Кырк уул, Саруу,-Сусамыр,Чаткал беш болуштуктарына чарбалык анализ жургүзүлгөн. Статистикалык эсеп-учет көрсөткөндөй Наманган уездинде жашаган кыргыздардын негизги чарбасы дыйканчылык-отурукташкан аралаш типтеги чарбаны түзгөн. Салттуу мал чарбачылык тибиндеги чарбалар акырындап мал чарбачылык-дыйканчылык, аралаш чарба жүргүзүү тибине өтө баштаган.Бирок киреше булагы мал чарбачылык бойдон кала бергендигин төмөнкү таблицадан көрүүгө болот [17]:

| 100 рубльга карата тапкан пайдасы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мал чарбачылыктан | Жер иштетүүчүлүктөн | Чөп чабыктан | Кол өнөрчүлүктөн | Башка тармактан | Баары |
| 41% | 38% | 8% | 3% | 10% | 100% |

Жогорку таблицадан белгилүү болгондой Наманган уездинде жашаган кыргыздардын негизги киреше булагын мал чарбасы түзүп, ал 41% көрсөтсө, жер иштетүүчүлүк 38% түзүп, ортодо көп айырмачылык болгон эмес. “Материалдарда...” көрсөтүлгөндөй уездде жашаган кыргыздардын чарба жүргүзүү тибинде өзгөрүү жүрүп, мал чарбачылык, жер иштетүүчүлүк өзүнүн өткөөл өнүгүү мезгилине дуушар болгон, тактап айтканда көчмөн мал чарбачылык акырындан жоюлуп, чарба жүргүзүүнүн мал чарбачылык-дыйканчылык аралашкан типтүү чарбасы жайыла баштаган [17].

В.Наливкин, Г.Загряжскийдин XIX к. кыргыздардын салттуу турумушун чагылдырган этнографиялык эмгектерине анализ берип жатып айрым жыйынтыктарга келүүгө болот. Аталган эки автор тең кесиби боюнча тийиштүү аскердик билимге ээ болушкан, бирок колониалдык доордо аскердик – илимий ишти аркалашып, кызматтык абалы боюнча кыргыздардын арасында жашап, кыргыздардын салттуу турмушу менен жакын-

дан таанышып, орус тарыхнаамасында "этнограф" наамга ээ болушкан изилдөөчүлөр.

В.Наливкин, Г.Загряжскийдин эмгектерин XIX к. кыргызтаанунун этнография багыты боюнча талаа материалдарынын негизинде чогултулуп, салттуу турмуштун объективдүү көрүнүш сүрөттөөгө чоң аракет жасалган, этнографиялык – булактык мүнөздөгү эмгектер катары сыпаттоого болот. В.Наливкиндин эмгегинде кыргыздардын жер иштетүүчүлүк маданияты, дыйканчылыкка колдонуучу каражаттар, тагыраак айтканда жергиликтүү көчмөн-мал чарбачылык, отурукташкан-дыйканчылык шартта жашап келген эки калктын жуурулушкан чарбалык турмушун сүрөттөйт.

Ал эми Г.Загряжскийдин эмгектери болсо көчмөн кыргыздардын малды асыроо, күнүмдүк тиричилик, кол өнөрчүлүк, тамак-аш, боз үй, оюн-зоок;адам өлгөндөн кийинки: көмүү, ага байланышкан үрп-адаттар, ж.б. этнографиялык аспекттеги салттуу көрүнүштөрдү гана сүрөттөбөстөн кыргыздардын урук-уруулук түзүлүшүнүн, анын таасири жогору болгондугун, конкреттүү фактылар аркылуу сүрөттөй алган. Албетте. автор тарабынан изилденген салттуу турмуштун көрүнүштөрү этнографиялык булак катары баалуу экендиги шексиз.

Албетте, Наманган уездинин Наанай кыштагында жашаган мезгилде В.Наливкин жергиликтүү жашоочулардан Кокон хандыгынын тарыхы боюнча кеңири маалымат топтоп, 167 жылдык Фергана өрөөнүндө 167 жыл өкүм сүргөн хандыктын саясий тарыхын изилдеген совет дооруна чейинки жалгыз окумуштуу экендигин унутпашыбыз керек.

**Адабияттар:**


1. Наливкин В II.121 Наливкин В.П.Киргизы Наманганского уезда // ТВ. –1881.– № 20 – 21.; Наливкин В.П. Очерки земледелия в Наманганском уезде // ТВ.–1880 – №11, 13, 15.18 – 21; 24 – 25; 27 – 29.; Наливкин В.Очерки быта туземной женщины в Ферганы.-СПБ, Загряжский Г.С Очерки Токмакского уезда // ТВ. – 1873, – № 9 – 10; Загряжский Г.С. Заметки о народном самоуправлении у кара-киргизов // Материалы для статистики Түркстанского края. Ежегодник. – 1874. – Вып.III. – С.362 – 371.; Загряжский Г.С. Кара-киргизы // ТВ. – 1874. – № 41, 43, 44.; Загряжский Г.С. Киргизские очерки // ТВ. – 1873. – № 9, 10.; Загряжский Г.С.Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // ТВ. – 1871. – № 25, 27– 32.; Загряжский Г. Юридический обычай киргизов о различных родах состояний и о правах им присвоенных // Материалы для статистики Түркстанского края. Ежегодник.вып.4. СПб., 1876.; Загряжский Г. Киргизские очерки(Аш, или тризна по умершим)// Түркстанские ведомости 1873 -.№1
2. Загряжский Г.С. Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // Түркстанские Ведомости . – 1871. – № 25, 27– 32
3. Загряжский Г.С.Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // Түркстанские Ведомости . – 1871. – № 25, 27– 32.;
4. Айтбаев М. Историко-этнографический очерк о кыргызах по материалам Севера Кыргызстана.-Бишкек, 2022,-С.17
5. Россия. Полное географическое описание нашего отечества. Түркстанский край,-Т. XIX.-СПб,1913.-С.494
6. Обзор Семиреченской области за 1912г.-Верный 1913.- С.52
7. Загряжский Г.С.Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // Түркстанские Ведомости ТВ. – 1871. – № 25, 27– 32.;
8. Загряжский Г.С.Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // Түркстанские Ведомости ТВ. – 1871. – № 25, 27– 32.;
9. Загряжский Г.С.Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи // Түркстанские Ведомости ТВ. – 1871. – № 25, 27– 32.;
10. Загряжский Г.С. Кара-киргизы // Түркстанские Ведомости ТВ. – 1874. – № 41, 43,
11. Загряжский Г.С. Кара-киргизы // Түркстанские Ведомости ТВ. – 1874. – № 41, 43
12. Загряжский Г.С. Кара-киргизы // Түркстанские Ведомости. – 1874. – № 41, 43
13. Якубовский Ю. В.Наливкин // Түркстанские ведомости 1907.№30.33
14. Наливкин В.П.Киргизы Наманганского уезда // Түркстанские Ведомости. –1881.– № 20 – 21
15. Наливкин В.П. Очерки земледелия в Наманганском уезде // Түркстанские Ведомости ТВ.–1880 – №11, 13, 15.18 – 21; 24 – 25; 27 – 29
16. Аверьянов П. Очерки экономического состояния Наманганского уезда//Түркстанский Сборник.Т.456.-С.121-127.
17. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд. -Ташкент, 1913.-с.62